КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

"ПАМИР-АЛАЙ" АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ"
МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ
"АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА "ПАМИР-АЛАЙ"

**Памир-Алай айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 3-отурумунун**

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 21-майы **№ 11/3** Сары-Таш айылы

**Памир-Алай айыл өкмөтүнө караштуу «Жаңы Сары-Таш» Муниципалдык ишканасынын (МИ) ичүүчү таза суу пайдалануу учурундагы жана МИнын санитардык коргоо аймактарына уруксатсыз кирүүдө, негизги СЕТке, кудукчаларга түшкөндө уруксатсыз кошулууда эрежелерди бузгандыгы үчүн келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттө төлөмдөрдү төлөбөгөн абоненттерди үзүү жана айып пул салуу жөнүндө**

Памир-Алай айыл өкмөтүнө караштуу «Жаңы Сары-Таш» Муниципалдык ишканасынын кайрылуусун карап чыгып, Памир-Алай айылдык Кеңешинин VII- чакырылышынын 3-кезексиз отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Памир-Алай айыл өкмөтүнө караштуу «Жаңы Сары-Таш» Муниципалдык ишканасынын (МИ) ичүүчү таза суу пайдалануу учурундагы жана МИнын санитардык коргоо аймактарына уруксатсыз кирүүдө, негизги СЕТке, кудукчаларга түшкөндө уруксатсыз кошулууда эрежелерди бузгандыгы үчүн келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттө төлөмдөрдү төлөбөгөн абоненттер үзүлсүн же айып пул салууда Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 27-январы № 13 Эсептешүү көрсөткүчү жөнүндөгү мыйзамына таянып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2006-жылдын 15-июну № 1115-III токтомунда көрсөтүлгөн 100 сом суммасына Кыргыз Республикасынын Бузулар жөнүндөгү кодексинин беренелерине көрсөтүлгөн көрсөткүчтөргө ылайык көбөйтүлүп, айып пул салынсын жана бекитилген тартипте иш алып барылсын.

2. Токтомдун аткарылышын ишке ашыруу жагы «Жаңы Сары-Таш» Муниципалдык ишканасынын жетекчисине тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Памир-Алай айыл өкмөтүнүн башчысы К.А.Анарбаевге жана Айылдык кеңештин бюджет финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Койчуман уулу Н**